# Тема : Билим берүү багытындагы долбоорлордун иш аракетине киришүү

Баяндамачы: Улукбек кызы

Заманбап билим берүү системасында долбоордук ишмердүүлүк билим берүүнүн сапатын жогорулатууда маанилүү орунду ээлейт. Мугалимдердин жана студенттердин долбоор жазуу жана аны ишке ашыруу боюнча билимин кеңейтүү максатында “Билим берүү багытындагы долбоорлордун иш аракетине киришүү” темасында семинар өткөрүлдү.

Семинардын негизги максаты – катышуучуларга билим берүү долбоорлорунун маңызы, түрлөрү, аларды издөө мүмкүнчүлүктөрү жана долбоор жазуунун негизги этаптары жөнүндө кеңири маалымат берүү болду.

## Семинардын мазмуну

Семинардын жүрүшүндө төмөнкү темалар каралды:

### 1. Долбоор түшүнүгү жана анын негизги белгилери

Катышуучуларга долбоор – бул так максатка багытталган, белгилүү мөөнөттө ишке ашырылуучу жана алдын ала пландалган иш-аракеттердин жыйындысы экени түшүндүрүлдү. Долбоордун максаттуулугу, мөөнөттүүлүгү, ресурстарга негизделиши жана натыйжага багытталышы анын негизги белгилери катары белгиленди.

### 2. Билим берүү тармагындагы долбоорлордун негизги түрлөрү

Семинарда окуу-методикалык, санариптик, мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга багытталган, студенттик, социалдык жана эл аралык билим берүү долбоорлору боюнча мисалдар келтирилди.

### 3. Долбоорлорду издеп табуу жана катышуу мүмкүнчүлүктөрү

Катышуучулар долбоорлорду эл аралык уюмдардын сайттарынан, министрликтердин веб-порталдарынан, социалдык тармактардан жана электрондук почта билдирүүлөрү аркылуу табууга болору менен тааныштырылды. Катышуунун жеке жана командалык формалары түшүндүрүлдү.

### 4. Долбоорду жазуунун этаптары жана түзүлүшү

Долбоорду даярдоонун негизги этаптары: маселенин аныкталышы, максат жана милдеттердин коюлушу, иш-аракеттер планын түзүү, бюджетти эсептөө, күтүлгөн натыйжаларды аныктоо жана тобокелдиктерди баалоо экендиги айтылды. Ошондой эле

долбоордук документтин түзүлүшү (титулдук барак, киришүү, негиздеме, максат, иш-план, жыйынтык) кеңири талкууланды.

## 5. Конкурс жарыялангандан кийинки кадамдар

Семинарда конкурс жарыялангандан кийин талаптарды кылдат окуу, команда түзүү, документтерди даярдоо жана долбоорду өз убагында тапшыруу зарылдыгы белгиленди.

## 6. Долбоорду баалоо критерийлери

Баалоо критерийлери катары теманын актуалдуулугу, максаттын тактыгы, иш-пландын реалдуулугу, натыйжалардын өлчөнө тургандыгы, бюджеттин негиздүүлүгү жана команданын мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү.

## 7. Билим берүү долбоорлорунун пайдалуу жактары

Мугалимдер үчүн – кесиптик өнүгүү, жаңы методикаларды өздөштүрүү, эл аралык тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгү.
Студенттер үчүн – практикалык тажрыйба топтоо, командада иштөөнү үйрөнүү, портфолио түзүү жана лидерлик сапаттарды өнүктүрүү.








«Долбоорду


Долбоор деген эмне
жана кандай
түрлөрү болот?